КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛАСТЫ
ТАЛАС ШААРДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ

Shaar.kenesh@gmail.com

shaar.kenesh@gmail.com

Талас шаардык кенешинин IX чакырылыштагы кезексиз XVI сессиясынын №118/16-9 ТОКТОМУ

17-июль, 2026-жыл **Талас шаары**

2025-жылдын жыйынтыгы менен Талас шаарынын жергиликтүү бюджетин аткарууда кирешенин чыгашадан ашкан жана үнөмдөлгөн жалпы 71 267 500 сомдун ичинен үнөмдөлүп калтырылган 20 000 000 сом акча каражатын бөлүштүрүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" мыйзамынын 34-беренесинин 2-бөлүмүнүн 2-пункту, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 44-беренеси, Талас шаарынын мэриясынын 07.07.2026-жылдагы №01-19/2814 чыгыш сандуу катынын негизинде, Талас шаардык кенешинин "Бюджет жана муниципалдык менчик башкаруу боюнча" туруктуу комиссиясынын корутундусун карап, талкуулап чыгып, Талас шаардык кенешинин сессиясы

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. 2025-жылдын жыйынтыгы менен жергиликтүү бюджетте үнөмдөлүп калтырылган 20 000 000 (жыйырма миллион) сом акча каражаты төмөндөгүдөй бөлүштүрүлүп, каржылансын.

- Талас шаардык автобекети муниципалдык ишканасынын тегерегин курчоо үчүн 3111 беренесине 6800 000 (алты миллион сегиз жүз мин) сом акча каражаты Талас шаардык муниципалдык менчик башкармалыгы аркылуу каржылансын.
- А.Чолпонкулов атындагы №1 орто мектебинин жылуулук системасын ондоо үчүн 3111 беренесине 4 000 000 (төрт миллион) сом акча каражаты Талас шаарынын муниципалдык менчик башкармалыгы аркылуу каржылансын.
- Кыргыз Республикасынын Президентинин Талас облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппараты жайгашкан имараттын тегерегине ак гранит ташын төшөө үчүн 3111 беренесине 3 000 000 (үч миллион) сом акча каражаты Талас шаардык муниципалдык менчик башкармалыгы аркылуу каржылансын.
- Талас шаарында өтүүчү ар кандай мааракелерге керектүү көчмө тосмолорду сатып алууга 3112 беренесине 1 281 500 (бир миллион эки жүз сексен бир миң беш жүз) сом акча каражаты Талас шаардык муниципалдык менчик башкармалыгы аркылуу каржылансын.
- Долбоорлорду техникалык жана автордук көзөмөлдөөгө 2215 беренесине 500 000 (беш жүз миң) сом акча каражаты Талас шаардык муниципалдык менчик башкармалыгы аркылуу каржылансын.
- Э.Кутманалиев атындагы стадионго коомдук ажаткана куруу үчүн 3111 беренесине 3 000 000 (үч миллион) сом акча каражаты Талас шаардык муниципалдык менчик башкармалыгы аркылуу каржылансын.

Талас шаарынын мэриясынын муниципалдык кызматкерлерине социалдык-тиричилик маселелерин чечүү үчүн материалдык жардам жана тейлеп иштеген кызматкерлерине 2026-жылдын 6 айынын жыйынтыгы менен сый акы берүү үчүн 2111, 2121 беренесине 1037 800 (бир миллион отуз жети миң сегиз жүз) сом акча каражаты Талас шаарынын мэриясы аркылуу каржылансын.

- Талас шаардык кенешинин кызматкерлерине социалдык-тиричилик маселелерин чечүү үчүн материалдык жардам жана тейлеп иштеген кызматкерлерине 2026-жылдын 6 айынын жыйынтыгы менен сый акы берүү үчүн 2111, 2121 беренесине 180 700 (жүз сексен миң жети жүз) сом акча каражаты Талас шаардык кенеши аркылуу каржылансын.
- "Аялдар үчүн финансылык сабаттуулук жана бизнес көндүмдөрү: билимден ишкерликке карай" долбоорунун алкагында, социалдык контракт алган аз камсыз болгон үй бүлөлөрдөн чыккан 50 айымга окутууларды өткөрүү үчүн 2215 беренесине 200 000 (эки жүз миң) сом акча каражаты Талас шаарынын мэриясы аркылуу каржылансын.

2. Талас каржы башкармалыгына (Иманкулов А.М.) бөлүнгөн акча каражатын өз убагында каржылоо жагы милдеттендирилсин.
3. Кабыл алынган токтомду Талас шаарынын мэриясынын сайтына жарыялоо жана Кыргыз Республикасынын укуктук ченемдик актылардын мамлекеттик реестринен каттоодон өткөрүүнү көзөмөлдөө Талас шаардык кенешинин жооптуу катчысына (Сариева А.Ж.) милдеттендирилсин.
4. Токтомдун аткарылышына көзөмөлдүк кылуу Талас шаардык кенешинин "Бюджет жана муниципалдык менчик башкаруу боюнча" туруктуу комиссиясынын төрагасына (Суйунтбеков А.О.) тапшырылсын.

Төрага **К.Джаныбеков**